
- *Салам менен сабагымды баштайын,*
- *Силер үчүн сөздүн гүлүн тандайын.*
- *Бүт баарыңды кыргыз тили дүйнөсүнө алып барып,*
- *Дилиңерди бир тазалап кайтайын.*

**Бүгүн бизде кыргыз тили сабагы саякатта.**

# Билимдүүлөр чокусу



- *БИЛЕМ*
- *БИЛГИМ КЕЛЕТ*
- *БИЛДИМ*

## *Сабагыбыздын темасы:*

# *Сын атооч.*

# Сабактын максаты:

•**Билим берүүчүлүк:**

***Сын атооч жөнүндө түшүнүк алабыз. Сын атоочтун эрежесин жатка айтып бере алабыз Сын атоочту сүйлөм ичинде таба алабыз. Сын атоочко мисал келтиребиз.***

• **Өнүктүрүүчүлүк:**

***Сүйлөм ичинде сын атоочторду табууга жана суроо берүүгө үйрөнөбүз. Ой-пикирибизди так, даана айтып беребиз, жуптарда жана топтордо иштейбиз.***

•**Тарбиялык:**

***Алынган мисалдар аркылуу топтордо иштөөдө адептүүлүккө,***
***ынтымактуулукка тарбияланабыз.***

**Сабактын көрсөткүчү:**

***Жогорудагы максаттарга жеттик деп эсептейбиз,***
***эгерде :***
***а) Сын атооч жөнүндө кеңири түшүнүк алсак;***
***б) Ой-пикирибизди так, даана айта алсак, сабаттуу жаза билсек;***
***в) Адептүүлүккө, ынтымактуулукка тарбиялансак.***

# Сабактын тиби:

**жаңы билимдерби калыптандыруу**

**Сабактын формасы:**

***саякат сабагы***

***Балдар саякат жолунда***

***<u>3 тосколдук бар</u>.***

*1 -тоскоолдуктан өтүүдө*
*жуптарда иштөө менен*

- ***сын атоочко эреже чыгарабыз,***
- ***сын атоочтун кандай суроого*** *жооп бере тургандыгын аныктайбыз.*

*2- тосколдуктан өтүүдө: топтордо иштөө менен*

- ***сүйлөм ичинде сын атоочту табабыз.***

*3- тосколдуктан өтүүдө биргелешип иштөө менен*

- ***алган билимдерибизди бышыктап кайтабыз.***

***Ар бир тоскоолдуктан өткөндөн кийин***

# ***калыптандыруучу баалоо***

***менен билимиңер бааланып турат.***

Анда эмесе саякатты башадык.




Алдыда «Кемин Суусу» агып турат.
Бул суудан өтүү үчүн жупташып
өтөбүз.
1-жуп 2-жуп 3-жуп 4-жуп.

# *Балдар эмненин сүрөтүн көрүп жатасыңар?*



**«Алма» деген сөз кайсы сөз түркүмүнө кирет?**

# *БИЛЕМ*

***-Зат атооч.***

Демек, биз зат атоочко мүнөздөмө беребиз.

**Жуптарга тапшырма берилет.**

**Күтүү дарагынан ар бир жуп алмаларды алышат**





# КҮТҮҮ




# ДАРАГЫ

# БИЛГИМ КЕЛЕТ

1-жуп: Кандай алма?

- Кызыл алма




Заттын өңү түсүн билдирди.

2-жуп: Кандай алма?

-тоголок алма.




Заттын формасын билдирди

*3-жуп: Кандай алма. -Чоӊ алма.*




**Заттын көлөм-ченемин билдирди**

*4-жуп: Кандай алма*




*-Татуу, ширин алма*

**Заттын даам-татымын билдирди.**

*5-жуп:*

*-Кандай алма? -Сулуу алма.*




**Заттын сын-сыпатын билдирди.**

*Мугалим:*

***Демек,***

***сын атооч деген эмне экен?***

***Өзүңөр аныктама берип көргүлөчү?***

# БИЛДИМ

Заттын өңү түсүн, сын-сыпатын, көлөм-ченемин, формасын, даам-татымын билдирип турган сөздөр

**сын атооч** деп аталат.

*Мугалим:*

***Суроосу кандай болуп калат?***

*кандай? кайсы?*

Азаматсынар балдар жуптарда жакшы иштей алдыңар




Кемин суусу


Жайлоо

**Үч топко бөлүнүп боз үйлөргө киребиз:**

*1-топ* - ЫР ТОБУ

*2-топ* - *МАКАЛДАР ТОБУ*

*3-топ* - *КРОССВОРД*


Жайлоо


ЫР

Макалдар

Кроссворд

## *1-топ:*

***Ыр саптарын көркөм окуп, тексттеги сын атоочторду тапкыла. Сын атоочко суроо бергиле.***

*Энекебай аппак аткан таңдайсың,*
*Энекебай  жарык берген шамдайсың.*
*Бир өзүңдү ардактаймын, даңктаймын,*
*Канткен менен ак сүтүңдү актаймын.*

# 2-топ:

***Көп чекиттин ордуна тиешелүү сын атооч сөздөрдү коюп, макалдарды толуктап жазып, маанисин чечмелөө***

***...........адамга караңгы жа жарык,***
***...........адамга жарык дагы караңгы.***


# 3-топ:

## Кроссвордор аркылуу сын атоочторду жаратуу

**Туурасынан: 1 Жердин формасы кандай?**

**Тигинен: 1 Тамактын даамы кандай?**

**2Кымыздын даамы кандай?**



| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Т | О | Г | О | Л | О | К |
| А | | | | | | Ы |
| Т | | | | | | Ч |
| Т | | | | | | К |
| У | | | | | | Ы |
| У | | | | | | Л |


# Азаматсынар балдар
# ТОПТОРДО
# жакшы иштей
# алдыңар










Карагайлуу төр
Билимдүүлөр чокусу

# «Карагайлуу төр»

## деген темада чакан эссени топтордо жазабыз



# Тирек сөздөр:

**1-топ:** коoз, салкын, укмуштуудай, жапжашыл.

**2-топ:** таза, тунук, мээлүүн, шаңдуу.

**3-топ:** мээримдүү, сулуу, акылдуу, өнөрлүү.

# Азаматсынар балдар топтордо жакшы иштей алдыңар




Билимдүүлөр
чокусу
Бул чоку биздин бүгүнкү сабакта
сабагыбыздын максатына жеткендигин
далилдеп турат.
Андыктан Кыргызстандын желегин
желбиретип илип кетели.

***Саякатыбыз да аяктады***





***Сабагыбызды жыйынтыктоо:***

**Блумдун таксономиясы**

•Биз сын атоочтун эрежесин, кандай суроого жооп бере тургандыгын билдик., түшүндүк, эстеп калдык.
•Ыр саптарын көркөм окуу менен сын атооч сөздөрүн турмушта колдоно алабыз.
•Макалдарды, кроссворддорду таап, эссе жазуу менен ар кандай тексттерди жарата алдык .
•Билимдерибизди баалап, баалоо баракчалары (алма аркылуу) .

КҮТҮҮ



ДАРАГЫ

**Балдар!**
**Билимдин туу чокусуна жеттинер, дайыма бийиктиктерди багындырып жүрө беришинерге тилектешммин!!!**